**Владимир Ильич Ленин**
**атындагы №2 орто мектеби**

# *13.Мектептин уставы*

**Өзгөн шаары 2022-жыл**

Ош юстиция башкармалыгы
09-сентября 2022 жылы
Алгачкы каттоо куну 23 04 2012
Ошское ... юстиции
года
Серия и номер ...
Дата первичной рег...

Өзгөн шаардык билим берүү
бөлүмүнүн башчысы
Б. Джусупов
Буйрук № 03-09/77
"06" 09 2022-жыл

# Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби-мекемесинин УСТАВЫ

2022-жыл

## I. Жалпы жоболор.

1.1. Владимир Ильич Ленин атындагы № 2 орто мектеби - мекемесинин (мындан ары – мектеп) уставы Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө", «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө», «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдардын жана башка ченемдик актылардын негизинде иштелип чыккан.

1.2. Мектеп өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана ушул уставды жетекчиликке алат.

1.3. **Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**

**Мамлекеттик тилде:** Владимир Ильич Ленин атындагы № 2 орто мектеби - мекемеси.

**Расмий тилде:** Учреждение Средняя школа № 2 имени Владимира Ильича Ленина.

**Юридикалык жактын кыскартылган фирмалык аталышы**

**Мамлекеттик тилде:** Владимир Ильич Ленин атындагы № 2 орто мектеби - м-си.

**Расмий тилде:** У-е Средняя школа № 2 имени Владимира Ильича Ленина.

1.4. **Юридикалык дареги:** Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Озгон району, Озгон шаары, **Манас** көчөсү №33

1.5. Мектеп окууга шыктуу, активдүү, илимдердин ар кыл жаатында чыгармачыл изилдөө ишине жөндөмдүү балдарды окутууга жана тарбиялоого багытталган билим берүү тутумундагы жалпы билим берүү уюмунун түрү.

1.6. Мектеп негизги максаты болуп окуп жаткандардын шыгына жана жөндөмдүүлүгүнө караша гуманитардык тармактар боюнча башталгыч, негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн окуу программаларын ишке ашыруу эсептелет.

1.7. Мектеп үзгүлтүксүз билим берүү системасынын негизги бөлүгү болуп саналып, мамлекет тарабынан кепилдик берилген милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алууну, ошондой эле акысыз жалпы орто билим алуу боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарынын укугун ишке ашыруу үчүн шарттарды түзөт.

1.8. Мектеп иши төмөнкү принциптерге негизделет:

- Республиканын бардык жарандарынын сапаттуу билим алуу укуктарына теңдиги;
- Гумандуулук жана жалпы адамзаттын баалуулуктарынын артыкчылыгы;
- Жарандуулук жана мекенчилдик;
- Билим берүү процессинин ырааттуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;
- Академиялык эркиндик жана ак ниеттик;
- Жоопкерчиликтик жана натыйжалуулук;

1.9. Мектеп негизги максаттары деп - мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруунун жана турмуштук компетенцияларына жетишүүнүн негизинде окуучулардын инсандык жалпы маданиятын калыптандыруу, кесиптик билим берүү программаларын аң-сезимдүүлүк менен тандоо жана андан ары өздөштүрүү үчүн негиз түзүү, жарандуулукка тарбиялоо, адамдын укуктары жана эркиндигин урматтоо, толеранттуу болуу, мекенин, үй-бүлөсүн жана курчап турган айлана-чөйрөнү, эмгекти сыйлоо, сергек жашоо адаттарын калыптандыруу эсептелинет.

1.10. Мектеп адамдын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыктары үчүн окуучуларды окутууну жана тарбиялоону жүргүзүп, инсандын ден соолугун сактоону камсыздаган жана ар тараптан өнүгүүсүндө, анын ичинде өз алдынча жана кошумча билим алуу зарылчылыгын канааттандыруу боюнча дагы ылайыктуу шарттарды түзөт.

1.11. Мектеп мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн сапаты, билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштурууда окуучулардын жашына жараша психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, шыктуулуктарына жана жөндөмдөрүнө колдонулуучу тариздердин, усулдардын жана каражаттардын шайкештиги, алардын өмүрлөрүн жана ден соолуктарын коргоо ченемдери жана эрежелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жооп тартат.

1.12. Жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү күндүзгү окуу формаларында жүзөгө ашырылат.

Окуучулардын физиологиялык жана психологиялык акыбалдарына байланыштуу жалпы билим берүү программалары үй-бүлөлүк жана жекече билим алуу тариздеринде өздөштүрүлүшү мүмкүн.

1.13. Мектеп ата-энесинин же алардын ордун алмаштыруучулардын арызынын, КРнын нормативдик укуктук актынын негизинде төлөмдүү «мектеп балдар-бакчасын» ачууга укуктуу.

1.14. Мектеп ата-энесинин же алардын ордун алмаштыруучулардын арызынын, КРнын нормативдик укуктук актынын негизинде төлөмдүү «спорттук, тилдерди (кыргыз, орус, англис) жана компьютерди» үйрөтүү курстарын ачууга укуктуу.

1.15. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин тарабынан бекитилген окуу планына ылайык ырааттама менен окутулат.

1.16. Билим алуунун баардык тариздеринде конкреттүү негизги жалпы билим берүү программасынын чегинде бирдиктүү мамлекеттик билим берүү стандарты иштейт.

**1.17. Мектептин миссиясы:**

- Мектеп жалпы орто билим берүүчү мекеме болуу менен бирге, башталгыч, негизги жана жалпы билим берүүгө багытталган. Ата-энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү, жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптан өнүккөн инсандарды тарбиялоо.

## II. Мектептин ишин уюштуруу

2.1. Мектеп юридикалык жак катары уставы, эсептөө жана башка эсептери, мамлекеттик жана (же) расмий тилдеринде почталык дареги жазылган мөөрү, бурч – мөөрү (штампы) жана бланктары, бекитилип берилген мүлкү бар уюм болот.

2.2. Мектептин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тартип боюнча мамлекеттик аттестациядан (Аккредитациядан) өтөт.

2.3. Окуучулардын акысыз медициналык тейлөөсүн саламаттыкты сактоо органдары тарабынан мектеп атайын бекитилген медициналык кызматкер жүргүзөт.

Медициналык кызматкердин иш жүргүзүшү үчүн мектепте атайын бөлмө каралат, ошондой эле медициналык кызматкердин билдирмеси боюнча билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы алдын ала дарылоо каражаттары менен камсыздайт.

2.4. Мектепте окуучулардын тамактануусун уюштуруу КРнын Өкмөтүнүн жарлыгы, жергиликтүү кеңештин жана ата-энелер чогулушунун токтомдору менен аныкталат.

2.5. Мектептин класс-комплекттеринин толуктальшынын чектүү ченемин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт.

Класстагы окуучунун саны:

- 1-4 класстарда 30 окуучудан ашпаган.
- 5-9 класстарда 30 окуучудан ашпаган.
- 10-11 класстарда 25 окуучудан ашпаган болуусу керек.

## III. Билим берүү процессии.

3.1. Мектептин билим берүү процесси башталгыч, негизги жана жалпы билим берүү программаларынын деңгээлдерине ылайык мектептик билим берүүнүн үч баскычында жүргүзөт:

1 - баскыч жалпы башталгыч билим берүү (1-4- класс; окутуунун ченемдик мөөнөтү - 4 жыл);

2 - баскыч жалпы негизги билим берүү (5-9- класс; окутуунун ченемдик мөөнөтү - 5 жыл);

3 - баскыч жалпы орто билим берүү (10-11 - класс; окутуунун ченемдик мөөнөтү - 2 жыл);

3.2. Жалпы негизги билим берүүнүн милдеттери болуп окуучуларды инсан катары тарбиялоо, түзүү жана калыптандыруу үчүн социалдык жактан өзүн-өзү аныктоого, өз алдынча иш тажрыйбасын өздөштүрүүгө жана өзүн-өзү көзөмөлдөөгө багытталган шыктарын жана компетенцияларын өнүктүрүү эсептелет.

3.3. Жалпы негизги билим берүү жалпы орто билим, башталгыч жана орто кесиптик билим алуу үчүн база болуп саналат.

3.4. Жалпы орто билим берүү жалпы билим берүүнүн аяктоочу этабы болуп, окуучулардын туруктуу компетенцияларын жана чыгармачылык шыктарын өнүктүрөт, ошондой эле дифференцияланган окутуунун жана кесипти же эмгектенүүнү аң-сезимдүү тандоо үчүн даярдоонун негизинде өз алдынча окуу көнүгүүлөрүн калыптандырууну камсыздайт.

**3.5.** Жалпы орто билим, башталгыч орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окууну улантууга база болуп берет.

**3.6.** Мектеп Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамы аныкталган экстернат тариздинен тышкары тездетилген окутуу программалары боюнча жалпы орто билим берүүгө жол берилбейт.

**3.7.** Мектеп жалпы орто билим берүүнүн мазмуну мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги жалпы билим берүү стандарттарынын жана негизги жалпы билим берүү программаларынын негизинде аныкталып, педагогикалык кеңешинде бекитилген планынын негизинде ишке ашырылат.

**3.8.** Мектепте окутуу тилин (тилдерин) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык уюштурулуп, мектептин уставы боюнча окутуу кыргыз, өзбек жана орус тилдеринде жүргүзүлөт.

**3.9.** Мектеп Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили деп аныкталган кыргыз тилин мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окутат. Кыргыз Республикасында расмий тили катары орус тили ошондой эле бир чет тил, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги бекиткен окуу планына ылайык окутулат.

**3.10.** Мектептин тийиштүү шарттары (педагогикалык кадрлар, окутуу-усулдук каражаттар, материалдык-техникалык жабдуулар, мектепке чейинки даярдоо курсу ж.б.) болсо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, негизги мектеп программаларынан тышкары да кошумча билим берүү программаларын ишке ашыра алат жана кошумча билим берүү кызматын (келишимдин негизинде) көрсөтө алат.

**3.11.** Кошумча билим берүү программалары жана кошумча билим берүү кызматы окуучулардын жана ата - энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдуктары менен Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик актыларыдын негизинде уюштурулат.

**3.12.** Мектеп Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актыны жетекчиликке алып, баа коюу системасын, окутуунун жана тарбиялоонун тариздерин, ыкмаларын жана усулдарын, ошондой эле окуучулардын которуу сынактарынын мезгилдүүлүгүн жана тариздерин тандоого укуктуу.

**3.13.** Мектепте окуу планынын негизинде иштелип чыккан иш окуу планы боюнча билим берүү процесси өткөрүлөт.

**3.14.** Окуучулардын окуу жүктөмү чектелген жүктөмдүн ченеминен ашпаш керек жана окуу планынын окуу сабактарын окутууга бөлүнгөн сааттарынын санынан төмөн болбошу керек:

**3.15.** Мектепте окуу жылы 1- сентябрдан башталат.

**3.16.** Мектепте окуу эки сменада жүргүзүлөт:

1-смена саат $8^{30}$ да башталып, саат $13^{30}$ дө аяктайт.

2-смена саат $13^{30}$ да башталып, $18^{30}$ да бүтөт.

**3.17.** Ар бир сабактын ортосунда 5 мүнөттүк, 3-сааттан кийин 10 мүнөттүк танапистер берилет.

**3.18.** Мектепте окутуу күнү беш күндүк режимде иш жүргүзөт. Ишемби, жекшемби күндөрү дем алыш.

**3.19.** Мектепте билим берүүнүн I-II-III баскычтарында окуу жылынын созулушу, мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясынын мөөнөттөрүн эсептебегенде, 34 аптадан кем эмес, ал эми биринчи класста - 33 аптаны түзөт.

**3.20.** Окуу жылы 4 чейрекке бөлүнөт:

Күндүзгү окуу формасында:

1-чейрек 1-сентябрдан баштап 2-ноябрга чейин, каникул 8 күн.

2-чейрек 10-ноябрдан баштап 30-декабрга чейин, каникул 12 күн.

3-чейрек 11-январдан баштап 21-мартка чейин, каникул 10 күн.

4-чейрек 1-апрелден баштап 25-майга чейин жүргүзүлөт. (каникул 1-сентябрга чейин).

**3.21.** Окуучулардын билими төмөнкүдөй бааланат:

- 5 - эң жакшы;
- 4 - жакшы;
- 3 - канааттандыраарлык;

• 2- жаман;

**3.22.** Мамлекеттик билим берүү саясатын ишке ашырган мектеп ишин мамлекеттик көзөмөлдөөнү Өзгөн шаардык билим берүү башкармалыгы ишке ашырат.

**3.23.** Жалпы орто билим берүүнүн сапатынын кепилдигинин негизги таризи болуп, жаңы типтеги жалпы билим берүү уюмдарынын аныкталган тартипте беш жылда бир жолу өткөрүлүүчү мамлекеттик аттестациясы (аккредитациясы) эсептелинет.

**3.24.** Мектепке окуучулардын кийиминин формасын уюштуруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлөт.

## IV. Билим берүү процессинин катышуучулары.

**4.1.** Мектептин билим берүү процессинин катышуучулары болуп окуучулар, педагогикалык кызматкерлер (мындан ары - мугалимдер) жана окуучулардын ата - энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) эсептелинет.

**4.2.** Мектеп бекитилген аймакта жашаган окуу жашындагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн бардыгы арыздарынын жана аныкталган үлгүдөгү медициналык маалымкаттарынын негиздерине мектепте билим берүүнүн бардык баскычтарына кабыл алуулары атайын сыноонун негизинде жана төлөмдөрсүз кабыл алынат.

**4.3.** Мектеп кабыл алып жатканда окуучуларды жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрү) өзүнүн уставы жана окуу процессин жөнгө салуучу, башка да жергиликтүү документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

**4.4.** Башка мектептерден, мектепке которулган окуучу жетишүү табелинин негизинде кабыл алынат.

**4.5.** Окуучулар жамаатынын ишмердүүлүгү өзүн-өзү башкаруу уюмунун негизинде алып барылат жана билим сапатын жакшыртуу, тартипти орнотуу, чыгармачылыгын өркүндөтүүгө салымын кошот.

**4.6.** Окуучулардын катышуусу менен өткөрүлө турган иш - чаралар белгиленген убакытка чейин аякташы зарыл.

## V. Билим берүү процессинин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери.

**5.1. Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:**

- Мектептин ар кайсы этабына сынактын негизинде окууга кирүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч, жалпы негизги жана акысыз жалпы орто билим алууга;
- кошумча билим берүү кызматы, анын ичинде акы төлөнүүчү да таризде билим алууга;
- Мектептин китепканасынын, маданияттык - спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аныкташкан тартиптер боюнча бекер тамактанууга, медициналык тейлөөгө;
- Уставда аныкталган таризде мектепти башкарууга катышууга;
- Балдар уюмунун ишин уюштурууга жана ага катышууга;
- Инсандык кадыр-баркын урматтоого жана маалымат эркиндигине, өзүнүн жеке көз карашын жана ынанымдарын эркин айтууга;
- Жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү аяктаганда
- мамлекеттик үлгүдөгү билим жөнүндө документтерин өз учурунда алууга ж.б. укуктуу.

**5.2. Окуучулар төмөнкүлөргө милдеттүү:**

- Мектептин уставын сактоого жана аткарууга;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде мектептин программаларын өздөштүрүүгө;
- Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган кыргыз жана башка улуттардын салттарын, мектептин башка улутундагы окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр- баркын урматтоого;
- Ички тартипти сактоо, анын ичинде мектептин формасында жүрүүгө;
- Мектепте уюлдук телефон аппараттарын колдонбоого;
- Мектептин коомдук-пайдалуу иштерине активдүү катышууга;

- Мектептин мүлкүнө этият мамиле кылуу жана мектепке зыян келтирсе мыйзам чегинде жоопкерчиликке тартылуута милдеттүү;

5.3. Мектеп тартип окуу процессинин бардык катышуучуларынын инсандык кадыр-баркын урматтоосунун негизинде жолго салынат.

5.4. Окуучуларга карата кара күч жана психологиялык зомбулук ыкмаларын колдонууга кескин тыюу салынат.

5.5. Окуучуларды коомдук-саясий жана диний партиялар менен уюмдарга, аскердик түзүлүштөргө кирүүсүнө (өтүүгө), ошондой эле ушул партиялар менен уюмдардын иштерине, агитациялык компаниялар менен саясий акцияларына катышуусуна мажбурлоого жол берилбейт.

5.6. Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнун негизги мектептин программаларын өздөштүрүү, бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы менен аяктайт.

5.7. Тийиштүү класстардын негизги мектептин программаларын толук өлчөмдө өздөштүргөн окуучулар мектептин педагогикалык кеңешинин чечими боюнча кийинки класска которулат.

5.8. Өткөн класстын (баскычтын) негизги мектептин программаларын өздөштүрбөгөн окуучулардын Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык мектептин кийинки классында (баскычында) окуусуна жол берилбейт. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн мектептин бүтүрүүчүсүнө Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык мектептин герби бар мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) тапшырылат.

5.9. Мектеп жалпы башталгыч, жалпы негизги же жалпы орто билим берүүнү аяктабаган окуучуга аныкталган үлгүдөгү маалымкат тапшырат.

5.10. Жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүгө Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык билим берүү уюмунун герби бар мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билиминин артыкчылыгы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) тапшырылат.

5.11. Бир же бир нече сабактарды өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчү «Айрым сабактарды өздөштүрүүдө жетишкен өзгөчө ийгиликтери үчүн» деген Мактоо грамотасы менен сыйланат.

5.12. Бардык сабактар боюнча эң жакшы чейректик, жылдык жана жыйынтыктоочу баалары бар көчүрүү класстарынын окуучулары «Окуудагы эң жакшы ийгиликтери үчүн» деген Мактоо баракчасы менен сыйланат.

5.13. Мектепте педагогикалык кеңешинин чечими жана балдардын иштери боюнча комиссиянын макулдугу боюнча укукка каршы иш-аракеттерди жасаган жана Уставка көп жолу одоно бузгандыгы үчүн он беш жашка чыккан окуучуларды, педагогикалык таасир этүүнүн чектүү чарасы катары мектептен чыгарууга жол берилет.

5.14. Мектептен окуучуларды Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык чыгарылат.

5.15. Балдардын иштери боюнча комиссия ата-энелер (мыйзамдуу өкүлү) менен бирдиктүү чыгарылган окуучуну башка мектепте (мектепте) окуусун улантуу же ишке орноштуруу боюнча чечимин бир ай ичинде кабыл алат.

5.16. Жетим балдарды жана ата - энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) багуусунан ажыраган балдарды мектептен чыгаруу жөнүндө чечим тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрациянын алдындагы үй-бүлөнү жана балдарды коргоо боюнча бөлүмдөрдүн макулдугу менен кабыл алынат.

**5.17. Окуучулардын ата- энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө укуктуу:**

- Мектепти тандап, окуусун улантуу үчүн окутуунун бардык этабына балдарын жиберүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде окуучулардын жалпы орто билим алуу укугун сактоону талап кылууга;
- балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;
- уставда аныкталган таризде мектептин башкаруусуна катышууга;

- билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органына балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча кайрылууга укуктуу;

**5.18. Окуучулардын ата - энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө милдеттүү:**

- Балага жалпы орто билим алуу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө;
- Окуу куралдары менен толук камсыздоого;
- Сабакка убагында кечиктирүүсүз, калтырбоосуз катыштырууга;
- Мектеп жана мугалим менен тыгыз байланышта болууга;
- Балдарды сабакка сапаттуу даярдоону көзөмөлдөөгө;
- Балдардын күч-кубатына жана психикалык ден-соолуктарына ар дайым камкордук көрүүгө;
- Баланын жана мугалимдин инсандык намысын урматтап, анын улуттук, тарыхый, руханий-маданияттык байлыктарын жана элдик салттарды, Мекенин сүйүүгө, айлана-чөйрөнү урматтоого тарбиялоо;
- Окуучуларды мектепте түзүлгөн «Ата-энелер мектебинин» алдындагы түзгөн иш-чаранын негизинде тарбия ишин алып барууга;
- Мектептин уставындагы өз укуктарын жана милдеттерин аткарууга, балдарынын тарбиясына жана балдары мектепке зыян келтиргендиги үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте жооп берүүгө;
- Мектеп сырткары убакытта баланын жасаган кылмыштуулугу үчүн жооп берүүгө;

**5.19. Мектепти мугалимдер менен толуктоо.**

Мектеп кызматкерлеринин штатын түзүүнүн тартибин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

Мектептин мугалимдер менен толуктоо Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык жургузулөт. Мугалимдер үчүн негизги жумуш берүүчү болуп мектеп эсептелет.

Педагогикалык кызматка билим жөнүндөгү диплому, тийиштүү педагогикалык адистикке ээ болгон адамдар конкурстун негизинде кабыл алынат.

Соттолгон же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык корсоткучтору бар жарандарга мектепте иштөөгө жол берилбейт.

Педагогикалык иш жүргүзүү укугунан ажыратуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөргүзүлөт.

Мугалимдердин эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык түзүлгөн келишим менен жөнгө салынат.

**5.20. Мугалимдер төмөнкүлөргө укуктуу:**

- окутуунун жана тарбиялоонун усулдарын, мектептин программаларын, окутуу-усулдук комплекттерин, окуучулардын билимин баалоонун усулдарын өз алдынча тандоого жана колдонууга;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, окутуу жана тарбиялоо усулдарынын негиздеринде автордук мектеп программасын, окуу китебин, окутуу-усулдук колдонмолорун иштеп чыгууга жана колдонууга;
- алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жүзөгө ашырууга;
- өзүнүн кадыр-баркын жана кесиптик ар-намысын коргоого;
- кесиптик иши үчүн тийиштүү шарттарды талап кылууга;
- өзүнүн кесиптик деңгээлин жана дасыгын жогорулатууга;
- Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык өз ыктыяры менен аттестацияланууга;
- Уставында аныкталган таризде мектеп башкарууга катышууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган кошумча социалдык кепилдиктерге жана жеңилдиктерге;

**5.21. Мугалимдер төмөнкүлөргө милдеттүү:**

- педагогикалык этиканы, эстетиканы, кийинүү маданиятын (аялдар жоолукту эрежеси менен салынуу) аткарууга.
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде окуучулардын негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүлөрүн камсыздоого Педагогикалык жүктүн өлчөмү

окуу планы боюнча сааттардын санына, мектептин кадрлар менен камсыздалган жана башка да иш шарттарына жараша аныкталат.

- Окуу планынын сааттарынын саны азайтылбаса же класстардын саны кыскартылбаса, окуу жылынын башында белгиленген окутуу жүктөмүнүн өлчөмү окуу жылынын ичинде мектептин администрациясынын демилгеси менен бир ставкадан төмөн кыскартылбайт.
- Жаңы окуу жылынын башында окутуу жүгүн белгилөөдө, бул мектеп негизги иш орду болуп саналган мугалимдер үчүн класстарда сабак өтүү өлчөмү жана окутууну улантуу сакталат.

**5.22. Директордун буйругу менен мугалимдер арасында класс жетекчилер дайындалат. Класс жетекчилердин милдеттери:**

- Бекитилген класстагы окуучулары менен тарбиялык иш алып барат;
- Окуучуларды эрежени сактоого үндөйт;
- Ата - энелер менен тыгыз байланышта болот;
- Өз убагында окуучуга жардам уюштурат;
- Класстын ишмердүүлүгүн тейлеген документацияны жүргүзөт;
- Иш-чараларды уюштурат.

Мектептен башка категориядагы кызматкерлеринин укуктары менен милдеттери тийиштүү типтеги дасыктык мунөздөмөлөрү жана мектептин уставы менен аныкталат.

## VI. Мектепти башкаруу.

**6.1.** Мектепти башкаруу Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана ушул уставка ылайык демократиялык ачык айкындык, өз алдынчалык жана мамлекеттик кызматташтык принциптерине ылайык жүргүзүлөт.

**6.2.** Мектептин уюштуруучусу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги саналат.

**6.3.** Уюштуруучу төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- Мектептин каржылык-чарбалык ишине жетекчилик кылат;
- Мектептин билим берүү иш-аракеттерине көзөмөл жүргүзөт;
- Мектептин уставын, ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду бекитет;
- Мектепти кеңейтүү, жоюу же кайра уюштуруу жөнүндө чечим кабыл алат;

**6.4.** Мектепти тең башкаруунун тариздери болуп жалпы чогулуш, педогогикалык кеңеш, камкордук кеңеш, ата энелер комитети, окуучулардын өз алдынча башкаруулары жана башка кеңештер эсептелинет.

**6.4.1. Педагогикалык кеңеш төмөндөгүдөй чечимдерди кабыл алат:**

- Мугалимдин эмгегин баалоо;
- Окуу жүктөмүн бөлүштүрүү;
- Педагогикалык кадрларды жайгаштыруу,
- Мугалимдерди аттестациялоо;
- Уставды өзгөртүүгө жана аны бекитүүгө сунуш берүү;
- Сабактан тышкаркы кружокторду ачуу;
- Экзаменге киргизүү, класстан-класска которуу;
- Документтерди берүү;
- Мугалимдерди сыйлоо;
- Усулдук иштерди бекитүү;
- Мектептин жылдык планын бекитүү;
- Класс жетекчилерди жана кабинет жетекчилерин, усулдук бирикме жетекчилерин бекитүү.

**6.4.2.Камкордук кеңеш:**

- Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо;
- Мектептин айлана чөйрөсүн тартипке келтирүү;
- Ондоп-түзөө иштерине көмөктөшүү;
- Олимпиада, конкурс, конференцияларды уюштуруу.
- Жетим, жарым жетим, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына жардам берүү.
- Мектеп менен тыгыз байланышта болуу;

- Ата энелер конференциясын, чогулушун уюштуруу;
- Тарбиялоого оор окуучулардын ата-энелери, үй-бүлөсү менен иш алып баруу;
- Камкордук кеңешин жетектөө жана акча каражатын тейлөө;
- Окуу-тарбия иштерин уюштурууга көмөктөшүү;
- Мектептин муктаждыктарын чечүүгө көмөктөшүү

Мектеп тең башкаруу органдарын шайлоо тартиби жана алардын ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуу жылынын башында аныкталат.

**6.5. Мектепте түздөн-түз жетекчиликти директор жүзөгө ашырат.**

Республикалык бюджеттен каржыланган мектептин директору билим берүүнүн мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы тарабынан кызматка дайындалат жана ээлеген кызматынан бошотулат.

Мектептин директору КРнын Эмгек кодексине ылайык кызматка дайындалат, которулат жана ээлеген кызматынан бошотулат.

Директордук кызматка пенсия жашынан өтпөгөн, жогорку педогогикалык стажы бар, КРнын билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларын, психологияны, менеждментти жана билим берүүнү каржылоону, мектепте билим берүү маселелери боюнча мамлекеттик институттардын жана коомдук уюмдардын укуктарын жана милдеттерин билген КРнын жараны дайындалат.

Директордун орун басарын жана материалдык жоопкерчиликтүү кызматкерди кызматка дайындоо жана кызматтан бошотуу мектеп директорунун сунуштамасы боюнча билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү органы тарабынан жүргүзүлөт.

Педагогикалык жана башка кызматкерлерди жумушка алууну жана кызматтан бошотууну мектептин директору КРнын Эмгек кодексине ылайык жүргүзөт.

Мектептин директору ата энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) мамлекеттин жана коомдун алдында өзүнүн кызматтык милдеттерине, эмгек келишимине жана мектептин уставына ылайык жекече түрдө жооп тартат.

**6.6. Директор:**

- КРнын Конституциясынын, КРнын «Билим берүү жөнүндө» жана «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдын жалпы орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларын сактап, ишке ашырат.
- Региондук органдын макулдугу боюнча педогогикалык кеңеш менен бирдикте мектептин негизги өнүгүү багыттарын аныктап ишке ашырат.
- Жарандардын жалпы орто билим алуу зарылчылыктарын канаатандырат;
- Административдык аткаруу органдарында жана башка мекемелерде мектептин укуктарын жана кызыкчылыктарын көздөйт жана коргойт.
- Мугалимдерди жана техникалык персоналдарды тандоону жана жайгаштырууну жүргүзөт, педогогикалык кеңештин ишин жетектейт.
- Билим берүүнү мамлекетик башкаруунун тийиштүү региондук органы менен макулдашылган окуу планын мугалимдер менен бирдикте жүзөгө ашырат.
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги мектеп программаларынын чегинде окуучулардын билимдеринин жеткиликтүүлүгүн жана сапаттуулугун камсыз кылат.
- Класстан тышкаркы иштердин мазмуну аркылуу окуучуларды тарбиялоо ишин камсыздайт жана көзөмөлдөйт;
- Мугалимдердин дасыктарын жогорулатууга жана алардын кесиптик өсүшүнө шарттарды түзөт, ошондой эле алардын аттестациясын өткөрөт.
- Билим жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документтерин тапшырууну уюштурат жана аларды даярдоо үчүн бүтүрүүчүлөр жөнүндө тапшырылуучу маалыматтын тактыгын камсыздайт жана жооп тартат.
- Балалыкты коргоо, жеткинчектердин укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоо боюнча талаптарды көзөмөлдөйт жана сактайт;
- Мектептин каржылык-чарбачылык ишин жетектейт жана көзөмөлдөйт.
- Гранттардын жана инвеститциялардын, ата-энелердин өз эрки менен тапшырган төлөмдөрүн, анын ичинде кошумча билим берүү кызматынан түшкөн кирешелерди да, натыйжалуу пайдаланууну көзөмөлдөйт жана жекече турдө жооп берет.

• Мектеп материалдык, техникалык базасын эсепке алуу жана сактоо, техникалык кооопсуздугун жана санитардык тазалык режимин сактоо, окуучулардын жана кызматкерлердин эмгегин коргоо үчүн жоопту болот жана алар үчүн жооп тартат.

• Жетектеген мектепте өрткө каршы коопсуздук боюнча ошондой эле окуу учурунда окуучулардын жана кызматкерлердин өмүрлөрүнө жана ден соолуктарына коркунуч келтирген же алардын өлүмүнө алып келген учурлардын татаалдыгына жана күнөөсүнүн деңгээлине жараша КРнын мыйзамдарына ылайык тартиптик административдик жана кылмыш жоопкерчилигин жекече түрдө тартат.

• Кызматтык милдеттерге мектептин уставына жана КРнын ченемдик укуктук актыларына башка да милдеттерди аткарат.

## VII. Мүлк жана материалдык-финансылык каражаттар.

**7.1.** Мектептин каржылоосу Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте жүргүзүлөт.

**7.2.** Мектепти каржылоонун негизги булагы болуп:

- мамлекеттик мектептер үчүн республикалык жана жергиликтүү бюджеттер;
- уюмдаштыруучу катары жеке жана юридикалык жактардын, чет мамлекеттердин жана жарандардын каражаттары;
- Мектептин менчик каражаттары, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салбаган кирешe киргизүүчү башка иштерден, ошондой эле бюджеттен тышкаркы билим берүү ишинин негизги жана кошумча билим берүү программаларынын бардык түрлөрүнөн, анын ичинде мамлекеттик билим берүү стандарттары койгон талаптардын чегинде келип түшкөн валюта каражаттары;
- депозиттик салымдардан түшкөн кирешелери;
- жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кошкон каражаттары, башка жеке жана юридикалык, анын ичинде чет өлкөлүк жактардын ыктыярдуу соопчулуктары жана максаттуу төгүмдөрү;
- кредиттер;
- мамлекеттик билим берүү уюмдарын мамлекеттик каржылоо имараттарды, курулма, жер участкаларын, жабдууларды берүү, билим берүү уюмдары сарптаган чыгымдын ордун толтуруу, эңчилүү жана башка формада стипендияларды, жеңилдик берүү түрүндө ишке ашырыла тургандар;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген дагы башка булактар эсептелет.

• Мектептин мүлкүн негизги жана алмашуу каражаттары, ошондой ага оперативдүү башкаруу укугу менен бекитилген жана мектептин балансында көрсөтүлгөн материалдык баалуулуктар түзөт.

## VIII. Эл аралык кызматташтык.

**8.1.** Мектеп Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында аныкталган тартипте чет өлкөлүк ишканалар (мекемелер, уюмдар) менен түз байланыш түзүүгө жана банк мекемелеринде валюталык эсептерин ачууга укуктуу.

## IX. Мектепти жоюу жана өзгөртүп уюштуруу.

**9.1.** Окуу жылынын аягында мектеп жоюлса же өзгөртүп уюштурулса билим берүү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен макулдашып, аларды башка Мектепке которуу боюнча жоопкерчилигин өзүнө алат.

**9.2.** Мектептин жоюлушу жана өзгөртүп уюштурулушу Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине жана Кыргыз Республикасынын «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлдүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө» мыйзамында аныкталган тартипте ишке ашырылат.

**Директор** **Б. М. Абылкасимов**

- Мектеп материалдык, техникалык базасын эсепке алуу жана сактоо, техникалык кооопсуздугун жана санитардык тазалык режимин сактоо, окуучулардын жана кызматкерлердин эмгегин коргоо үчүн жоопту болот жана алар үчүн жооп тартат.
- Жетектеген мектепте өрткө каршы коопсуздук боюнча ошондой эле окуу учурунда окуучулардын жана кызматкерлердин өмүрлөрүнө жана ден соолуктарына коркунуч келтирген же алардын өлүмүнө алып келген учурлардын татаалдыгына жана күнөөсүнүн деңгээлине жараша КРнын мыйзамдарына ылайык тартиптик административдик жана кылмыш жоопкерчилигин жекече түрдө тартат.
- Кызматтык милдеттерге мектептин уставына жана КРнын ченемдик укуктук актыларына башка да милдеттерди аткарат.

## VII. Мүлк жана материалдык-финансылык каражаттар.

7.1. Мектептин каржылоосу Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте жүргүзүлөт.

7.2. Мектепти каржылоонун негизги булагы болуп:

- мамлекеттик мектептер үчүн республикалык жана жергиликтүү бюджеттер;
- уюмдаштыруучу катары жеке жана юридикалык жактардын, чет мамлекеттердин жана жарандардын каражаттары;
- Мектептин менчик каражаттары, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салбаган киреше киргизүүчү башка иштерден, ошондой эле бюджеттен тышкаркы билим берүү ишинин негизги жана кошумча билим берүү программаларынын бардык түрлөрүнөн, анын ичинде мамлекеттик билим берүү стандарттары койгон талаптардын чегинде келип түшкөн валюта каражаттары;
- депозиттик салымдардан түшкөн кирешелери;
- жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кошкон каражаттары, башка жеке жана юридикалык, анын ичинде чет өлкөлүк жактардын ыктыярдуу соопчулуктары жана максаттуу төгүмдөрү;
- кредиттер;
- мамлекеттик билим берүү уюмдарын мамлекеттик каржылоо имараттарды, курулма, жер участкаларын, жабдууларды берүү, билим берүү уюмдары сарптаган чыгымдын ордун толтуруу, энчилүү жана башка формада стипендияларды, жеңилдик берүү түрүндө ишке ашырыла тургандар;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген дагы башка булактар эсептелет.
- Мектептин мүлкүн негизги жана алмашуу каражаттары, ошондой ага оперативдүү башкаруу укугу менен бекитилген жана мектептин балансында көрсөтүлгөн материалдык баалуулуктар түзөт.

## VIII. Эл аралык кызматташтык.

8.1. Мектеп Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында аныкталган тартипте чет өлкөлүк ишканалар (мекемелер, уюмдар) менен түз байланыш түзүүгө жана банк мекемелеринде валюталык эсептерин ачууга укуктуу.

## IX. Мектепти жоюу жана өзгөртүп уюштуруу.

9.1. Окуу жылынын аягында мектеп жоюлса же өзгөртүп уюштурулса билим берүү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен макулдашып, аларды башка Мектепке которуу боюнча жоопкерчилигин өзүнө алат.

9.2. Мектептин жоюлушу жана өзгөртүп уюштурулушу Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине жана Кыргыз Республикасынын «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлдүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө» мыйзамында аныкталган тартипте ишке ашырылат.

**Директор** **Б. М. Абылкасимов**